1. Култаева Ү. Илимий эмгектердин алты томдук жыйнагы. Т. 4. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2016. – 352 б.
2. Жапаралиева Н. Т. Сыдыкбековдун чыгармаларын окутуунун инновациялык технологиялары. – Бишкек, 2013. – 105 б.
3. Муратов А. Ж. Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу. – Бишкек, 2009.
4. Муратов А., Акматов К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы: окуу куралы. – Бишкек, 2021. – 568 б.
5. Оторбаев Б. Адабиятты окутуунун технологиясы. – Бишкек, 2010. – 95 б.
6. Раимбердиева З. С. Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романындагы көөнө сөздөр, фразеологизмдер, макалдар жана аларды интеграциялап окутуунун ыкмалары: окуу-усулдук колдонмо. – Ош, 2022. – 159 б.
7. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек, 2007. – 98 б.
8. Эгембердиев Р. Фразеологияны XI класста окутуу: мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Бишкек, 1992.
9. Сыдыкбеков Т. Көк асаба: роман. – Фрунзе, 1989.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Каразакова З.

УДК 37. 091.4
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-230-235

Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч., Асаналиева М.М.
Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети,
Ош мамлекеттик университети
Сакиева С.С.,[1] Осмоналиева С.Ч.,[1] Асаналиева М.М.[2]
Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова,[1]
Ошский государственный университет[2]
Sakieva S.S., Osmonalieva S.Ch., Asanalieva M.M.
Jalal-Abad State University B. Osmonov,
Osh State University

ORCID 0009-0003-1520-3492
ORCID 0009-0009-2429-6276
ORCID 0009-0009-5939-1484

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА БАЙЛАНЫШТУУ КЕПТИ ОКУТУУ
ОБУЧЕНИЕ СВЯЗНОЙ РЕЧИ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ
TEACHING COHERENT SPEECH IN PRIMARY SCHOOL

Кыскача мүнөздөмө: Кыргыз тил илиминде байланыштуу кеп, анын теориялык жана практикалык жактан колдонулушу окумуштуулар тарабынан изилденип келет. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасында байланыштуу кепти балдарга үйрөтүүнүн формалары, методдору жана ыкмалары каралып, мектеп тажрыйбасында колдонууга сунушталат. Кыргыз тилин окутууга арналган методикалык колдонмолор жана аларды пайдалануунун технологиялары окуу процессинде кеңири колдонулууда. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда байланыштуу кеп, анын функциялары жана аларды колдонуунун дидактикалык шарттары актуалдуу маселелердин бири катары каралууга тийиш. Байланыштуу кеп башталгыч класстардын кыргыз тили сабактарынын бардык формаларында колдонулат жана практикаланат. Тактап айтканда, ал көнүгүүлөр менен

иштөөдө, аларды оозеки талдоодо жана көчүрүп жазууда, орфографиялык жана грамматикалык талдоолорду жүргүзүүдө, текст менен өз алдынча иштөөдө, суроо-жоопторду түзүүдө, жаңы теманын мазмунуна жараша сүйлөм түзүүдө, мазмундама, баяндама жана жат жазуу иштерин аткарууда ишке ашырылат. Макалада аталган маселелерди терең талдоого көңүл бурулат.

Аннотация: В кыргызском языкознании связная речь, ее теоретическое и практическое применение являются предметом научных исследований. В методике преподавания кыргызского языка в начальных классах рассматриваются формы, методы и приемы обучения детей связной речи, которые рекомендуются для использования в школьной практике. Методические пособия по преподаванию кыргызского языка и технологии их применения широко используются в учебном процессе. При обучении кыргызскому языку в начальных классах связная речь, ее функции и дидактические условия их реализации должны рассматриваться как одна из актуальных проблем. Связная речь используется и практикуется во всех формах уроков кыргызского языка в начальных классах. В частности, она реализуется при работе с упражнениями, их устном анализе и списывании, проведении орфографического и грамматического анализа, самостоятельной работе с текстом, составлении вопросов и ответов, предложений в соответствии с содержанием новой темы, а также при выполнении изложений, сочинений и диктантов. В статье основное внимание уделяется глубокому анализу указанных вопросов.

Abstract: In Kyrgyz linguistics, connected speech and its theoretical and practical application have been the subject of scholarly research. The methodology of teaching the Kyrgyz language in primary school considers various forms, methods, and techniques for teaching coherent speech to children, which are recommended for use in school practice. Methodological resources for teaching the Kyrgyz language and technologies for their application are widely used in the educational process. In teaching the Kyrgyz language in primary school, connected speech, its functions, and the didactic conditions for their implementation should be considered among the relevant issues. Connected speech is used and practiced in all forms of Kyrgyz language lessons in primary school. In particular, it is developed through working with exercises, their oral analysis and copying, spelling and grammatical analysis, independent work with texts, composing questions and answers, constructing sentences according to the content of a new topic, as well as writing summaries, compositions, and dictations. The article focuses on an in-depth analysis of these issues.

Негизги сөздөр: байланыштуу кеп; кептин стилдери; сөздүк жумуштары; текст; тексттин түрлөрү.

Ключевые слова: связная речь; стили речи; словарная работа; текст; типы текста.

Keywords: coherent speech; speech styles; vocabulary work; text; text types.

Киришүү. Байланыштуу кеп — бир адам тарабынан айтылган ойлордун, билимдердин узак, ырааттуу жана өз ара байланышкан системасы, ошондой эле ошол кептик ишмердүүлүктүн натыйжасы. Анын айрым бөлүктөрү маанилик, тилдик жана түзүлүштүк жактан өз ара байланышып, бир бүтүн текстти түзөт. Байланыштуу кеп окуучунун өз оюн так, түшүнүктүү жана ырааттуу билдирүүсүндө маанилүү орунду ээлейт. Айрыкча башталгыч класстарда окуучулардын оозеки жана жазуу кебин калыптандыруу, сөз байлыгын өстүрүү, сүйлөмдөрдү өз ара маанилик жактан байланыштырып, текст түзүүгө үйрөтүү кыргыз тилин окутуунун негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Башталгыч класстарда байланыштуу кепти өнүктүрүү кыргыз тили сабагынын мазмуну менен тыгыз байланышта жүргүзүлөт. Окуучунун текстти түшүнүүсү, өз оюн белгилүү бир ырааттуулукта баяндашы жана кептин түрдүү формаларын туура колдоно билиши анын тилдик жана коммуникативдик компетенттүүлүгүнүн калыптанышына өбөлгө түзөт. Ошондуктан байланыштуу кепти окутуунун натыйжалуу формаларын, методдорун жана ыкмаларын аныктоо башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун маанилүү маселелеринин бири болуп эсептелет.

Актуалдуулугу. Мектеп программасында байланыштуу кепти окутуу жана үйрөтүү маселеси дайыма көңүл борборунда болуп келет. Предметтик стандартта жана окуу программасында

көрсөтүлгөн сунуштардын негизинде компетенттүүлүккө багыттап окутуу колго алынууда. Бирок башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда байланыштуу кепти, аны үйрөтүүнүн формаларын жана методдорун изилдөө маселеси жетиштүү деңгээлде колго алынбай келет. Бул маселе ушул мезгилге чейин жетиштүү изилденбей, концептуалдуу жыйынтыктар чыгарылбай келгендиктен, башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун алкагында атайын изилдөөнү талап кылган актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

Изилдөөнүн максаты — башталгыч класстарда байланыштуу кепти окутуунун жана үйрөтүүнүн теориялык жана практикалык маанисин аныктоо, аны сабакта колдонуунун ыңгайлуу жолдорун талдоо жана жалпылоо, тиешелүү методдорду колдонуу ыкмаларын илимий чөйрөгө сунуштоо.

Адабиятка сереп. Башталгыч класстарда байланыштуу кепти окутуунун методологиясын талдоодо белгилүү окумуштуулардын эмгектери негиз катары пайдаланылды. Атап айтканда, С. Давлетовдун [2] байланыштуу кептин теориясы жана практикасы, анын тил илиминдеги орду жана ролу боюнча изилдөөлөрү, Т. Аширбаевдин кептин түрлөрүнө арналган эмгектери [1], С. Рысбаевдин оозеки жана жазуу кеп маданиятын калыптандыруунун шарттары жана текст менен иштөөнүн методикасы боюнча эмгектери [4; 5], Ж. Чымановдун орто мектепте байланыштуу кепти окутуунун жалпы маселелерине арналган изилдөөлөрү [10], ошондой эле К. Сартбаевдин башталгыч класстарда окуучулардын оозеки жана жазуу кеп маданиятын калыптандырууга арналган эмгектери [7] талдоого алынды.

Изилдөөнүн методологиясы жана методдору. Илимий макалада коюлган маселелерди изилдөө, сунуштарды негиздөө жана тиешелүү жыйынтыктарды чыгаруу максатында гуманитардык илимдерде колдонулуучу жалпы илимий жана методологиялык ыкмалар пайдаланылды. Мектеп программасында байланыштуу кепти окутуунун мазмуну, окуу материалдары, сааттардын бөлүштүрүлүшү, байланыштуу кепти окутуу методикасынын изилдениш абалы жана анын өнүгүү тенденциялары тиешелүү методологиялык принциптердин негизинде талдоого алынды. Изилдөөдө объективдүүлүк, илимийлүүлүк, ар тараптуулук, тарыхый жана логикалык биримдик принциптери жетекчиликке алынды. Бул принциптерди колдонуу тиешелүү булактарды жана фактыларды талдоого, алардын ортосундагы себеп-натыйжалык байланыштарды аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Байланыштуу кепти окутуу маселесин илимий өңүттөн талдоодо тарыхый жана логикалык талдоо методдору колдонулду. Ошондой эле башталгыч класстарда байланыштуу кепти окутуунун абалын аныктоодо сүрөттөө методу пайдаланылып, анын учурдагы абалы талдоого алынды жана андан ары өнүктүрүүнүн жолдору сунушталды.

Изилдөөнүн жыйынтыктары. Байланыштуу кеп — сөз өстүрүүнүн өзүнчө бир тармагы. Анда текстке байланыштуу маселелер каралат. Башталгыч класста кыргыз тилин окутуу методикасында байланыштуу кептин теориялык негизин төмөнкүлөр түзөт: текст жөнүндөгү маселелер (тема, андагы негизги ой, тексттин түзүлүш өзгөчөлүктөрү), кептин стилдери жана кептин түрлөрү (сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү). Алар балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен колдонулат. Башталгыч билим берүүдө негизинен текст менен иштөөгө өзгөчө маани берилет.

1. Кептин стилдери. Байланыштуу кепте текст колдонулат. Ал белгилүү бир стилде түзүлөт. Стиль — кептин белгилүү бир максатка жана пикир алышуу чөйрөсүнө ылайыкталган түрү. Кеп пикир алышуунун кырдаалына жараша ар кандай формада ишке ашат жана ошого жараша анын стили аныкталат.

Окуучуларга кеп стилдеринин максаттары ар түрдүү болорун жана ар бир стиль өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ экендигин түшүндүрүү зарыл. Ар бир стилге тиешелүү тил каражаттарын түшүндүрүү жана аларды туура колдонууга машыктыруу — негизги милдеттердин бири. Кеп стилдери тил каражаттарынын колдонулуш өзгөчөлүктөрүнө жараша сүйлөшүү, илимий, публицистикалык, көркөм жана расмий-иштиктүү стилдерге бөлүнөт. Бул стилдер өзүнө мүнөздүү белгилери менен бири-биринен айырмаланат.

2. Сүйлөшүү стили. Сүйлөшүү стили коомдук турмушта кеңири колдонулушу менен өзгөчөлөнөт. Ал турмуш-тиричиликте, үй-бүлөдө жана расмий эмес жагдайларда пикир алышуунун негизги стили катары кызмат кылат. Бул стилде ойлоо менен сүйлөө бир мезгилде ишке ашкандыктан, кеп көбүнчө алдын ала даярдыксыз түзүлөт. Сүйлөшүү учурунда жаңсоо, ымдоо, баш ийкөө, кол шилтөө сыяктуу вербалдык эмес каражаттар, ошондой эле интонация кеңири колдонулат. Сүйлөшүүдө адамдар бири-бирине болгон мамилесин, сезимин жана эмоциясын билдиришет. Пикир алышуу көбүнчө суроо-жооп түрүндө жүрүп, эки же андан көп адамдын маегин чагылдырат.

Башталгыч класстарда окуучулардын кебин өстүрүүгө жана баарлашууга үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бурулат. 1-класста окуучулар предметтик жана сюжеттик сүрөттөр аркылуу айлана-чөйрөнү таанып, андагы нерселердин аталыштарын үйрөнүшөт. Сүрөттөр боюнча сүйлөшүү алардын кебин өстүрүп, сөз байлыгын арттырууга жана сүйлөшүү этикетинин үлгүлөрүн өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт. Бул класста баарлашуунун оозеки формасына өзгөчө маани берилет. Сүрөт менен өз алдынча иштөө окуучунун эне тилинде сабаттуу сүйлөө жана баарлашуу жөндөмүн өнүктүрөт.

«Алиппе» окуу китеби окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүгө багытталган. Сүйлөм жана текст менен иштөө аркылуу кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн (угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу) өз ара байланышта өнүктүрүүгө багытталган окутуу процесси камсыз кылынат. Натыйжада, оозеки жана жазуу кептин номинативдик (атоо), коммуникативдик, когнитивдик, эмоционалдык жана экспрессивдик функциялары ишке ашат. Окуучулардын кебин өстүрүүдө жана аларды баарлашууга үйрөтүүдө кептин түрлөрү менен стилдери өз ара байланышта колдонулат.

1-класста окуучулардын оозеки жана жазуу кебин калыптандырууда «Алиппе» окуу китебиндеги тексттер менен иштөөгө өзгөчө маани берилет. Баарлашуу жеке, жуптук жана топтук иштөө формалары аркылуу уюштурулат. Ал эми 2–4-класстарда кептин стилдери менен иштөө окуу китептериндеги материалдардын негизинде жүргүзүлөт. Бул мезгилде окуучулардын кеп маданиятын калыптандырууда текстти окуу жана көчүрүп жазуу, текст менен өз алдынча иштөө, сүйлөм түзүү, сүрөт менен иштөө, сүрөт боюнча сүйлөм түзүү жана жазуу иштерин аткаруу сыяктуу иш-аракеттерге өзгөчө маани берилет.

Текст менен иштөөнүн ар кандай формалары сабакта колдонулуп, аларды практикада пайдалануу көндүмдөрү калыптандырылат. Ошондой эле окуучулардын жазуу маданиятына жана орфографиялык сабаттуулугун калыптандырууга көңүл бурулат. Демек, башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда байланыштуу кепти өнүктүрүүнүн ар кандай формалары колдонулат.

Иш кагаздары. Иш кагаздары шарттуу түрдө экиге бөлүнөт: расмий иш кагаздары (мыйзам, жарлык, буйрук, жобо, программа, устав ж.б.) жана расмий эмес иш кагаздары (арыз, өмүр баян, мүнөздөмө, жарыя, кулактандыруу, чакыруу кат, телеграмма, дарек, иш план, рапорт, ишеним кат, түшүнүк кат ж.б.). Булардын баары жазуу жүзүндө жүргүзүлөт. Иш кагаздарынын айрым түрлөрү жана элементтери башталгыч класстарда үйрөтүлөт. Иш кагаздарынын стилине тактык жана расмийлүүлүк мүнөздүү. Башталгыч класста окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу иш кагаздарынын кулактандыруу, куттуктоо, арыз, чакыруу, түшүнүк кат, өмүр баян, мүнөздөмө өндөнгөн формалары үйрөтүлөт. Булардын жазылыш эрежелерин үйрөтүү сабактын бардык этабында үйрөтүү менен окуучунун оозеки жана жазуу маданияты калыптанат.

Байланыштуу кеп — сөз өстүрүүнүн өзүнчө бир тармагы. Анда текст, тексттин түрлөрү жана алар менен иштөө маселелери каралат.

Негизги ой жана тема аркылуу өз ара байланышкан сүйлөмдөрдүн тобу «текст» деп аталат. Тексттеги сүйлөмдөр маанилик жана тилдик каражаттар аркылуу өз ара байланышат. Мындай каражаттарга сөздөрдүн кайталанышы, ат атоочтор, синонимдер ж.б. кирет. Тема — текстте сөз болуп жаткан негизги предмет, окуя же маселе. Негизги ой — автордун текст аркылуу билдирүүнү көздөгөн башкы пикири. Көркөм текстте автордун мамилесин жана баалоосун билдирген тилдик каражаттар да колдонулат. Стилистика — кептин стилдерин жана алардагы тилдик каражаттардын колдонулуш өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү тил илиминин тармагы.

Мугалим темага өтүүдөн мурда сабактын максатын аныктап алуу үчүн мазмуну боюнча жөнөкөй же татаал логикалык суроолордун негизинде окуучулар менен аңгемелешет. Көбүнчө сабакта каралуучу тексттин мазмунуна ылайык келген макал-лакаптар, накыл сөздөр берилип, алардын маанисин чечмелөөгө жана турмушта колдонуунун зарылдыгын түшүнүүгө багытталган иштер жүргүзүлөт. Мындай тапшырмалар сабактын башталышында аткарылып, окуучуларды теманын маанисин жана маңызын түшүнүүгө, тексттин негизинде берилген материалдарды өздөштүрүүгө даярдайт. Ошондой эле алардын ой жүгүртүүсүн жана кебин өстүрүүгө багытталат.

Башталгыч класстарда балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуу материалдары сунушталат. 12 жылдык билим берүүнүн башталгыч класстары үчүн түзүлгөн окуу программасында: «Бул ишмердик – программада атайын бөлүм катары орун албайт, ал окуучунун бардык иш-аракетин коштоп жүрөт. Сүрөт менен иштөөдө да, окуу тексттери катары чакан ырды, чакан аңгеме менен жомоктуу же түрдүү стилдеги жана жанрдагы, кептин ар кандай тибиндеги фунционалдуу тексттерди окууда негизги өзөк болот», – деп белгиленет [3].

Окуу программасына таянсак, башталгыч класстарда байланыштуу кепке өзүнчө саат бөлүнбөйт. Ал өтүлүүчү материалдар менен биргеликте жүргүзүлөт. Окуу программасында окуучулар ээ болууга тийиш болгон компетенттүүлүктөр класстар боюнча сунушталган.

3-класста:

– сүрөт жана тема боюнча өз алдынча чакан аңгеме түзө алуу, ага ат коюу;

– жакын адамына кыскача кат жаза билүү;

– жакын адамын майрамы, туулган күнү менен куттуктоо, чакыруу түрүндө кат жаза алуу;

– ыр жана кара сөз түрүндөгү тексттерди ыргагына жараша окуу техникасына ээ болуу.

4-класста:

– мазмуну бири-бирин толуктап, логикалык бүтүндүктү түзгөн сүйлөмдөрдүн тобу текст болорун билүү;

– тексттин мазмунун, тематикасын түшүнүү жана ага ат коё алуу;

– тексттин бөлүктөрүн: башталышын, негизги бөлүгүн, жыйынтыгын ажыратып түшүнүү талаптары каралган.

Окуу программасында окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү окуу китебиндеги ар бир материал жана андагы тапшырмаларга карата сунушталган иштердин негизинде жүргүзүлөт. Байланыштуу кепти өстүрүү кыргыз тили сабагында оозеки жана жазуу формасында ишке ашырылат.

Башталгыч класстарда байланыштуу кеп менен иштөө жана аны практикада колдонуу маселелери кыргыз окумуштууларынын эмгектеринде изилденип келет. Окуучулардын таза, катасыз жана каллиграфиялык жактан сабаттуу жазуусун калыптандыруунун формалары жана методдору, орфографиялык, пунктуациялык, синтаксистик, фонетикалык материалдарды окуп-үйрөнүүнүн өзгөчөлүктөрү, аларды балдарга үйрөтүүнүн теориялык жана практикалык мааниси К. Сартбаевдин эмгектеринде чагылдырылган [7]. Анын эмгектеринде методикалык сунуштар кыргыз тилин окутуу практикасында колдонулуп келет.

Кыргыз тилин башталгыч класстарда окутууга арналган методикалык эмгектерде окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүүдө сөздүк жумуштарына, сүйлөм жана текст менен иштөөгө, оозеки жана жазуу кепти өстүрүүгө багытталган тапшырмаларга өзгөчө маани берилет [6; 8; 9]. Байланыштуу кепти өнүктүрүүдө текстти окуу жана көчүрүп жазуу, текст менен оозеки жана өз алдынча иштөө, окуучулардын жазуу маданиятын калыптандырууга багытталган жазуу жумуштары, каталардын үстүндө иштөө жана аларды жүргүзүүнүн тиешелүү ыкмалары колдонулат [10].

Жыйынтыктар. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасында байланыштуу кепти өнүктүрүүгө жана аны менен иштөөнүн ыкмаларын үйрөтүүгө өзгөчө маани берилет. Байланыштуу кеп кыргыз тили сабактарында окуучулардын өз оюн ырааттуу, так жана түшүнүктүү билдирүү жөндөмүн калыптандыруунун маанилүү каражаты болуп саналат. Ал окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүгө, өз алдынча ой жүгүртүүсүнө жана чыгармачылык жөндөмүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Байланыштуу кепти өстүрүүдө текст менен иштөө, сөздүк жумуштарын жүргүзүү, сүйлөм түзүү, оозеки жана жазуу тапшырмаларын аткаруу маанилүү орунду ээлейт. Бул иштерди окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана окуу материалдарынын мазмунуна ылайык системалуу жүргүзүү алардын кеп маданиятын калыптандырууга шарт түзөт. Ошондуктан башталгыч класстарда байланыштуу кепти кыргыз тили сабагынын мазмуну менен айкалыштырып, оозеки жана жазуу формасында үзгүлтүксүз өнүктүрүү зарыл.

Колдонулган адабияттар

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: функционалдык стилдер. 4-китеп. – Бишкек: Бийиктик, 2004.
2. Давлетов С. Байланыштуу речь: мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Бишкек: Мектеп, 1999.
3. Предметтик стандарт. «Кыргыз тили жана окуу»: окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдардын 1–6-класстары үчүн. – Бишкек, 2025. – 5 б.
4. Рысбаев С. К. Сөз жөнүндө дастан. – Бишкек, 2007.
5. Рысбаев С. К. Окуучунун кебин өстүрүүнүн технологиялары. – Бишкек, 2013.
6. Сакиева С. С. Башталгыч мектепте эне тилин окутуунун методикасы: окуу куралы. – Бишкек, 2016. – 188 б.
7. Сартбаев К., Акунова, А., Мураталиева, А. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Бишкек, 2013. – 425 б.
8. Сөз байлыгы: № 3 модуль: «Келгиле окуйбуз» долбоорунун материалдары. – Бишкек, 2019.
9. Турусбеков С., Бердибаев, Э., Рысбекова, Б., Сартбаев, К. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Фрунзе: Мектеп, 1965.
10. Чыманов Ж. А. Байланыштуу кепти окутуунун негиздери. – Бишкек, 1997. – 96 б.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Ураимов К. М.

УДК: 372.4 (574.1)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-235-241

Сарылбекова З., Жамгырчиева Т.Ж.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ,
Саткынбай Тентишев атындагы Азия эл аралык университети
Сарылбекова З.,[1] Жамгырчиева Т.Ж.[2]
КНУ имени Жусупа Баласагына,[1]
Азиатский международный университет имени Саткынбая Тентишева[2]
Sarylbekova Z., Zhamgyrchieva T.Z.
KNU Jusup Balasagyn,
Asian International University named after Satkynbai Tentishev

ORCID 0009-0002-9179-8179
ORCID 0009-0000-0498-763X